КТРКнын 2014-жылдагы ишмердүүлүгү жөнүндө

# Жылдык отчет

Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы

Бишкек 2015

## ОГЛАВЛЕНИЕ


1. КОРПОРАЦИЯНЫН ЖЕТЕКЧИЛИГИ ЖАНА КАРЖЫЛАНУУСУ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР ........ 2

2. КТРКНЫН ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫН ИШ ЖҮЗҮНӨ АШЫРУУНУН 2013-2015-ЖЖ. КАРАЛГАН ПЛАНЫНА ЫЛАЙЫК МАКСАТТАРГА ЖАНА МИЛДЕТТЕРГЕ ЖЕТИШҮҮ БОЮНЧА ИШМЕРДИГИН СЫПАТТОО. ........ 5

(КОРПОРАЦИЯНЫН өТКөН ЖЫЛДАГЫ МАКСАТТАРЫ, АЛАРГА ЖЕТИШҮҮ ДАРАЖАЛАРЫ); ........ 5

2.1. Корпорациянын өнүгүүнүн стратегиясын 2013-2015-жж. карата иш жүзүнө ашыруу боюнча ишмердиги тууралуу маалымат. ........ 5

2.2. «КТРК жөнүндө» мыйзамда корпорациянын алдына коюлган милдеттер жана алардын аткарылуу даражасы: ........ 7

2.3. Санариптик берүүлөргө өтүүгө карата даярдоо жана техникалык модернизациялоо боюнча милдеттер. Алардын аткарылуу даражалары. ........ 9

3. ПРОГРАММАЛАР СЕТКАСЫ ........ 11

3.1. Темалардын жана жанрлардын ар түрдүүлүгүн кеңейтүү ........ 11

3.2. Аудиторияны сапаттуу маалымат менен камсыздоо. КТРКнын редакциялык саясатынын ченемдерин сактоо боюнча иш-чаралар. ........ 11

3.3. Көз карандысыз өндүрүүчүлөр тарабынан өндүрүлгөн, өндүрүүчүлөрдүн жана компаниялардын аттарын (аталыштарын) кошо алганда, корпорация тарабынан алынып берилген программалардын тизмеси; ........ 12

4. КТРКНЫН ФИНАНСЫЛЫК-ЧАРБАЛЫК ИШМЕРДИГИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ 2014-ЖЫЛГА КАРАТА КИРЕШЕЛЕР ЖАНА ЧЫГАШАЛАР БОЮНЧА ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАРЫ МЕНЕН. ........ 13

5. КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮН ДАТТАНУУЛАРЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР. ........ 19

5.1. КТРКнын аудитория менеН кайтарым байланышты жөнгө салуу боюнча иш алып баруусунун жыйынтыктары ........ 19

6. СТРУКТУРАЛЫК ТҮЗҮЛҮШТӨР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ. ........ 21

## 1. КОРПОРАЦИЯНЫН ЖЕТЕКЧИЛИГИ ЖАНА КАРЖЫЛАНУУСУ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР

2011-жылдын 18-ноябрында кабыл алынган «Кыргыз Республиаксынын Коомдук телерабиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамы, корпорациянын коомдук телерадиоберүү уюму катары юридикалык макамын, корпорациянын максаттарын жана милдеттерин, анын укуктарын жана милдеттенмелерин, ошондой эле структурасын жана башкаруу органдарын аныктап турат.

Аракеттеги «КТРК жөнүндө» мыйзамы жана «КТРКнын Уставына» ылайык, КР Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын башкаруу органдарына төмөнкүлөр кирет:

- башкаруунун жогорку органы болуп саналган Байкоочу кеңеш;
- аткаруу органы болуп эсептелген Башкы директор.

КТРКнын Байкоочу кеңеши бүткүл коомдун кызыкчылыктарын билдирет жана коомдук берүүлөрдүн принциптерин сактоонун кепили болуп саналат. «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамда Байкоочу кеңешти калыптандыруу принциптери айкын жана так жазылган:

Байкоочу кеңеш парламенттен, президенттен жана жарандык коомдон бирдей сандарда алынган 15 адамдан турат. Ошондой болсо дагы, Байкоочу кеңештин бардык мүчөлөрү, алар ким тарабынан сунушталганынан көз карандысыз, окуу жана илимий мекемелерден, коомдук жана башка коммерциялык эмес уюмдардан гана көрсөтүлгөн адамдардан болууга тийиш.

Байкоочу кеңештин башкы функцияларынын бири болуп, аткаруучу органы болуп саналган жана КТРКнын каналдарынын сапаттык мазмуну үчүн жоопкерчилик тарта турган Башкы директорду дайындоо жана кызматынан бошотуу эсептелет.

Башкы директор аткаруучу органды билдирип турат жана Кеңеш тарабынан 4 жылга шайланып, Кеңешке отчет берип турууга милдеттүү болот.

Башкы директор Кеңешке сунуштоо боюнча өзүнүн орун басарларын дайындайт жана кызматынан бошотот. Башкы директор корпорациянын ишмердигин жетектейт, ведомство алдындагы бөлүмдөрдүн жалпы жетекчилигин жүзөгө ашырат, корпорацияга жүктөлгөн милдеттерин аткарылышы үчүн жоопкерчилик тартат.

Отчеттук жыл ичинде январь айынан июль айына чейин башкы директордун постун ээлеген адам– ***Оторбаев Кубат Табылдиевич*** болгон.

2014-жылдын июлунан тартып жылдын акырына чейин башкы директордун милдетин аткаруучу, кийинчерээк башкы директор постун – ***Жумагулов Султан*** ээлеген.

***КТРКнын 2014-жылдагы жетекчилигиндеги бардык өзгөрүүлөр тууралуу маалымат***

- Отчеттук мезгил ичинде Кеңеш, 2013-жылдын аягында өз каалоосу боюнча Э. Абдыжапаров кеткенден кийин, 14 мүчөдөн турган курамда жолугуп, отурум өткөрүп турган.

- 2014-жылдын июлунда башкы директордун постун өз каалоосу менен ***Кубат Оторбаев*** таштап кеткен, ал тараптан отставка тууралуу кабыл алынган чечимин КТРКнын башчысы катары анын кызмат өтөө мөөнөтү аяктагандыгы менен жүйөөлөгөн.

- Байкоочу кеңештин кезектен тышкаркы отурумундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча, КТРКнын башкы директорунунун милдеттерин убактылуу аткаруучу болуп ***Султан Жумагулов*** — ТРК “Эл ТР” ТРКсынын мурунку директору, андан мурун «Свобода» (Азаттык) радиосунун бишкек бюросунун директору шайланган.

- 2014-жылдын ноябрь айында, Кеңеш  ачык сынакты өткөрүү жолу менен ***Султана Жумагуловду*** КТРКнын туруктуу башкы директору катары шайлаган, бул сынакка андан тышкары дагы 9 адам катышышкан.

- Отчет даярдалып жаткан мезгилге карата (2015-жылдын февралы), корпорациянын башкы директору кызматына мурун КТРКнын Байкоочу кеүешинин төрагасынын постун ээлеп турган ***Карыпбеков Илим*** дйындалган. Дайындоо, өз каалоосу боюнча мурунку башкы директор ***С. Жумагуловдун*** отставкасынан кийин жүргүзүлгөн.

***<u>Корпорацияны республикалык бюджеттен каржылоонун көлөмү тууралуу маалымат</u>***

2014-жылда КТРКны каржылоо республикалык бюджеттен сойциалдык чөйрөнүн бюджеттик мекемеси катары Корпорациянын ишмердигине мамлекеттик колдоо көрсөтүү үчүн 399,6 млн.сом суммасында бюджеттик ассигнациялардын эсебинен жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын «Бюджет тууралуу» мыйзамына ылайык корпорацияны мамлекеттик бюджеттен каржылоо калкты телерадиоберүүнүн жана кино өндүрүүнүн продукциясы менен камсыздоо боюнча утурумдук чыгашаларга багытталган.

Мамлекет тарабынан финансылык каражаттар биринчи кезекте чыгашалардын төмөнкү беренелерин жабуу үчүн бөлүнөт:

- Алып көрсөтүү кызматтары
- Техникалык кызмат көрсөтүүлөр
- Чыгармачыл курамдын эмгек акысы
- Соцфондго которуулар
- Иш сапарынын чыгымдары
- КТФнын контентти сунуштоо боюнча кызматтары.

КТРКны мамлекеттик бюджеттен каржылоонун көлөмү отчеттук жылда, 2014-жылга карата бюджеттин долбооруна салынгандан 53% деңгээлинде жүргүзүлгөн.

*КТРКнын финансылык чарбалык ишмердигинин жыйынтыктары боюнча кененирээк маалымат 2014-жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жалпы маалыматары менен ушул отчеттун 4-бөлүмүндө берилген.*

## 2. КТРКНЫН ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫН ИШ ЖҮЗҮНӨ АШЫРУУНУН 2013-2015-ЖЖ. КАРАЛГАН ПЛАНЫНА ЫЛАЙЫК МАКСАТТАРГА ЖАНА МИЛДЕТТЕРГЕ ЖЕТИШҮҮ БОЮНЧА ИШМЕРДИГИН СЫПАТТОО. (КОРПОРАЦИЯНЫН ӨТКӨН ЖЫЛДАГЫ МАКСАТТАРЫ, АЛАРГА ЖЕТИШҮҮ ДАРАЖАЛАРЫ);

### 2.1. КОРПОРАЦИЯНЫН ӨНҮГҮҮНҮН СТРАТЕГИЯСЫН 2013-2015-ЖЖ. КАРАТА ИШ ЖҮЗҮНӨ АШЫРУУ БОЮНЧА ИШМЕРДИГИ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ.

Эгерде КТРКнын өнүгүүсүнүн стратегиялык планында пландаштырылган 22 милдеттер боюнча 69 кыймыл-аракеттер (майда милдеттер) каралган болсо, анда 2013-2014-жж. мезгилдерин кошо камтыган орто аралык отчетту даярдоо учуруна карата, **35 майда милдеттер толук көлөмдө иш жүзүнө ашырылган,** 8и аяктоо баскычында турат.

Ошентип, өнүгүүнүн стратегиялык планынын милдеттеринин аяктоо макамы 2015-жылдын 1-мартына карата абалы боюнча **63 пайызды** түзөт.

**Калган майда милдеттер боюнча:**

| | | Майда милдеттердин саны | Жалпы көлөмдөн пайыздарда |
|---|---|---|---|
| a) | Аяктоо баскычында | 8 | 12% |
| b) | Иш алынып барылууда же жарымө-жартылай аткарылган (жарымы аткарылган) | 10 | 14% |
| c) | Ишке ашыруу мөөнөтү келе элек | 2 | 3% |
| d) | Аткарылган эмес, кийинкиге жылдырылган, алынып ташталган же милдеттин калыптандырылышы өзгөртүлгөн | 14 | 20% |

*Милдеттердин кеңири тизмеги жана алар боюнча аткарылган кыймыл-аракеттер №1 тиркемеде келтирилген*

**Стратегия боюнча милдеттердин иш жүзүнө ашырылышынын жыйынтыктарына таасир көрсөтө турган негизги себептер:**

Стратегиялык пландын толук кандуу иш жүзүнө ашырылышына тоскоолдук кылып жаткан объективдүү жана субъективдүү себептер бар.

- Объективдүүлөрү: башкы директордун тез-тез алмашуусу, телеберүү боюнча башкы директордун орун басарынын алмашуусу.
- Субъективдүүлөрү: мамлекет тарабынан өнүктүрүүгө карата каржылоонун жоктугу, КТРКнын ишмердигин жөнгө салуучу ЧУАларга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн татаалдыгы.

1. **Корпорациянын өнүгүүсүнө карата мамлекеттик каржылоонун жоктугу.**
   Корпорация СТБнын социалдык пакетине 3 телеканалдын кирүүсүнө байланыштуу техникалык модернизациялоого карата суралган каражаттарын 10-үлүшүн гана алган.
   Стратегияны иш жүзүнө ашыруу үчүн, алсак КТРКнын заманбап техникалык базасын тургузуу үчүн 3 жыл бою катары менен КТРК бюджеттик долбоорун КР Өкмөтүнө жаан Финансы министрлигине 380 млн. сомго жакын суммага киргизип турган. Бирок СТБнын соцпакетине кирүү менен алынган каражаттардын суммасы 2014-жыл үчүн болгону 30 млн. сомду түзгөн.

2. **КТРКнын ишмердигин жөнгө салуучу мамлекеттик ченемдик-укуктук актылардын толук жакшы эмес болушу.**
   КРӨТгө жана КР мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү процедураларынын татаалдыгы. КР Өкмөтүнүн №606 токтому гана макулдашуудан 3 жыл бою өткөрүлүп келди.
3. Каржылоо системасын өзгөртүүлөргө, мыйзамдарга жана токтомдорго өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, корпорациянын техникалык модернизациялоосун жүргүзүүгө байланышкан маселелерди чечүү боюнча **кампаниялардын эдвокасиси үчүн ресурстардын жетишпестиги**.

**Натыйжалуулуктун негизги индикаторлору:**

1. **СТБнын социалдык пакетине КТРКнын** социалдык-багытталган трамактардагы **5 (беш) каналынын кириши**:
   - Коомдук Биринчи канал – коомдук-саясий телеканал
   - Маданият – маданий-агартуучу телеканал
   - Баластан – балдар-билим берүүчү телеканал
   - Музыка – музыкалык-көңүл ачуучу телеканал
   - Спорт – новый спортивный телеканал

   Ошентип, КТРК – коомдук берүүчү катары коомдун бардык катмарлары жана топтору үчүн коомдук берүүлөрдүн негизги принциптерине жооп берип турган жанрдык берүүлөрдүн толук сегментин өндүрүү жана таркатуу мүмкүндүгүнө ээ.
2. **Аймактык корреспонденттик түйүндү өнүктүрүү.** Бул сегмент аймактык корреспонденттери дайыма окутуп туруу, бардык корреспонденттик пункттарды заманбап репортердук жана монтаждоочу жабдуулар менен толук техникалык камсыздоо, Ош ш. түштүк студиясын ачуу жана жаңылыктар блогунда күн сайын тике туташтырууну уюштуруу аркылуу жүзөгө ашырылат.
3. **Окуу курстарын көбөйтүү, Корпорациянын кызматкерлери үчүн квалификациясын жогорулатуу мүмкүндүктөрүн түзүү.**

   2014-жыл үчүн гана «Окуу борбору» аркылуу 33 окуу иш-чаралары жүргүзүлгөн, аларга **414** кызматкер катышкан. Мында окуу сааттарынын жалпы саны **812 саатты** түзгөн.

   *№2 тиркемесинде Окуу борбору аркылуу 2014-жылда өткөрүлгөн окуу иш-чараларынын толук тизмеги келтирилген.*

## 2.2. «КТРК ЖӨНҮНДӨ» МЫЙЗАМДА КОРПОРАЦИЯНЫН АЛДЫНА КОЮЛГАН МИЛДЕТТЕР ЖАНА АЛАРДЫН АТКАРЫЛУУ ДАРАЖАСЫ:

### 2.2.1. БЕРҮҮЛӨРДҮН ЖАЛПЫ КӨЛӨМҮНҮН 50% АШЫГЫН МАМЛЕКЕТТИК ТИЛДЕ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ БОЮНЧА МИЛДЕТТЕР

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу” мыйзамына ылайык, Корпорация өзүнүн берүүлөрүнүн 50% ашыгын мамлекеттик тилдеги берүүлөр түрүндө жүзөгө ашырууга милдеттүү.

*Жыйнакталган көлөмдө (КТРКнын теле-, радиоканалдары боюнча) 2014-жылы мамлекеттик (кыргыз) тилиндеги берүүлөр **72 пайызды** түзгөн.*

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы Кыргыз Республикасынын “КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу” мыйзамын берүүлөрүнүн 50% ашыгын мамлекеттик тилдеги берүүлөр түрүндө жүзөгө ашыруу боюнча милдеттенмелер бөлүгүндө толук көлөмдө аткарууда.

### 2.2.2. ЭФИРДИН 30%ГА ЖАКЫНЫН БАЛДАР, ЖАШТАР, КӨҢҮЛ АЧУУЧУ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ ПРОГРАММАЛАРГА БӨЛҮҮ

КТРКда балдар-билим берүү тематикасына карата берүүлөр «Келечек» студиясы жана «Балдар FM» студиясы тарабынан жүргүзүлөт. Эгерде биринчи студия артыкчылыктуу түрдө СТБнын социалдык пакетине кирген адистештирилген «Баластан» балдар-билим берүүчү телеканалы үчүн берүүлөрдү өндүрсө, экинчи студия Корпорациянын радиоканалдарынын угуучу балдар болгон аудиториясын камсыздап турат.

Жаштар үчүн көңүл ачуучу жанрдык сегментти «Музыка» телеканалы, «Миң-Кыял FM» радиостанциясы, ошондой эле ТБ «Коомдук Биринчи каналдагы» «Жаштар программалары» студиясынын берүүлөрү жабдып турушат.

Балдар жана жаштар үчүн берүүлөрдүн жыйнакталган көлөмүндө, ошондой эле көңүл ачуучу жана билим берүүчү мазмундагы берүүлөр – өздүк берүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 36% түщүп турат, бул Корпорациянын бардык телерадиоканалдарынын орточо эсебинен алынган.

КТРКнын КР “КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу” мыйзамынын эфирдин 30%га чейинки бөлүгүн жаштар, көңүл ачуу жана билим берүүчү программаларга бөлүү туралуу бөлүгүндөгү милдеттенмелери – толук көлөмдө аткарылууда.

### 2.2.3. АТА МЕКЕНДИК КОНТЕНТ 70%ДАН КЕМ ЭМЕС, ТЫШКЫ КОНТЕНТ 30 %ГА ЧЕЙИН

Корпорациянын телерадиоканалдарынын эфириндеги тышкы контент анимациялык жана кино-музыкалык продукция түрүндө берилген, анын көлөмү берүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 20 пайызынан жогору эмес. Калган көлөмдү өздүк өндүрүү берүүлөрү, ата мекендик өндүрүштөгү кинопродукция жана Кыргызстандын аймагындагы студиялар тарабынан өндүрүлгөн берүүлөр түзүп турат. Ушуга жараша, Кыргыз Республикасынын “КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу” мыйзамы берүүлөрдүн 70% ата мекендик контентке берүү бөлүгүндө, 2014-жылда толук көлөмдө жүргүзүлгөн.

### 2.2.4. МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДАН АЛЫНГАН РАСМИЙ БИЛДИРҮҮЛӨРДҮ ТАРКАТУУ

Кыргыз Республикасынын “КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу” мыйзамына ылайык, КТРК мамлекеттик органдардын жана Кыргыз Республикасынын өз алдынча башкаруу органдарынын расмий маалыматтарын таркатат жана алардын ишмердигин чагылдырат.

2014-жылы Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы корпорациянын техникалык жана адам ресурстарын мамлекеттик маанидеги төмөнкү көрүнүктүү иш-чараларды жана окуяларды чагылтыруу үчүн багыттаган:

- КР Президентинин, Жогорку Кеңештин Спикеринин жана Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин ишмердигине байланышкан окуялар жана иш-чаралар күн сайын «Ала-Тоо» блокторунда чагылдырылып турат.
- Эфирге Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин ишмердигин чагылдырып турган “Парламент”, “Парламентаризм сабактары” жума сайын чыгуучу берүүлөрү чыгарылып турат.
- Жогорку Кеңештин жума сайын өтүүчү пленардык отурумдары толук көлөмдө “Биринчи радионун” эфиринде уктурулат.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишмердигин чагылдыруу боюнча жума сайын берилүүчү берүүлөр: «Өкмөт», «Кыргыз Өкмөтүндө», «Стратегия», «Открыто об энергетике».
- КР ӨКМи жана КР ИИМи менен кызматташуулар «Өзгөчө кырдаал», «Протокол №» (жаңы аталышы «Телекүзөт») жума сайын чыгуучу берүүлөр аркылуу ишке ашырылат.
- Кыргызстандын көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмердеринин юбилейлери, КР Президентинин Аппаратынан, КР Жогорку Кеңешинен, КР Өкмөтүнөн келип түшкөн каттарга ылайык.

КТРКнын “КРнын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы тууралуу” мыйзамынын бийликтин мамлекеттик органдарынын маалыматтарын берүү боюнча бөлүгүндө аткарылышы толук көлөмдө аткарылууда.

## 2.3. САНАРИПТИК БЕРҮҮЛӨРГӨ ӨТҮҮГӨ КАРАТА ДАЯРДОО ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК МОДЕРНИЗАЦИЯЛОО БОЮНЧА МИЛДЕТТЕР. АЛАРДЫН АТКАРЫЛУУ ДАРАЖАЛАРЫ.

Корпорациянын телерадиоканалдарынын студияларынын жана аппараттынтарынын техникалык модернизациялануусу боюнча милдеттер негизги максатка – СТБдагы сапаттуу берүүлөргө баш ийдирилген.

Техникалык модернизациялоо боюнча пландаштырылган милдеттердин бардыгын иш жүзүнө ашыруу үчүн өнүгүүгө багыттала турган республикалык бюджеттен 380 млн. сом өлчөмүнө жакын каржылоо талап кылынат.

Бирок каржылоонун жоктугунан улам, отчеттук 2014-жылы милдеттерди иш жүзүнө ашыруу жарым-жартылай жана эң эле актуалдуу пункттары боюнча аткарылган.

NHK телекомпаниясынын инженерлеринин жана SONY компаниясынын адистеринин биргелешкен ишинин натыйжасында 2014-жылдын январь айынан март айына чейин өндүрүшкө видеомонтаждоочу жабдуулардын 3 комплекти, видеомагнитофондордун 25 даанасы киргизилген, бул 2006-жылы техникалык грант катары JICAдан алынган запастык бөлүктөрдүн жана комплектке кирүүчү жабдууларды алмаштыруунун эсебинен жүргөн. Колдоо көрсөтүүнүн баасы 10 млн. 976 миң сомду түзгөн.

Өздүк каражаттардын эсебинен студияларды жана аппараттыктары отчеттук 2014-жылы кайра жабдып чыгууга **24 млн. сомдон** ашуун каражат жумшалган.

КР Өкмөтү тарабынан КТРКнын санариптик телеберүүлөржүн социалдык пакетине кирген үч телеканалдарын техникалык кайра жабдып чыгуу үчүн 2014-жылда бөлүнгөн каражаттардын көлөмү **21 млн. сомду** түзөт.

<u>КТРКнын теле радио каналдарынын студияларын жана аппараттыктарын техникалык модернизациялоо боюнча иштердин тизмеги:</u>

- **Компьютерлер:**

2014-жылды 72 компьютер сатылып алынган жана орнотулган.

- **Видеокамералар:**

Лентасыз өндүрүшкө санариптик берүүлөргө өткөнгө чейин өтүү максаттарында, отчеттук мезгил ичинде санариптик көчмө видеокамералардын 10 бирдиги сатылып алынган (2014-жылдын декабрында тендер боюнча 6 комплект). Ошентип, Корпорациянын эксплуатациясында бардыгы болуп DVCam форматындагы кассеталык видеокамералардын 8 комплекти гана калууда (алардын ичинен 2 – «Ала-Тоо», 1 – Москвадагы атайын корр., 2 – бардык редакциялар үчүн, 1 – «Протокол» жана 2 – Окуу борбору үчүн) жана MPEG IMX форматындагы 7 комплект калууда.

- **Студиялардын жана АСБлардын оңдолушу**

1) <u>Концерттик студия:</u> студияларды колдонууну оптималдаштыруу жана тартып алуу аянттарын көбөйтүү үчүн АСБ-2 техникалык аппараттыгынын оңдолуусу жүргүзүлгөн (концерттик студия), техникалык аппараттын жана студиянын жабдууларын модернизациялоо эфирге автономдук чыгууну эске алуу менен толук жүргүзүлгөн. Ташылып келинген жабдуулар толуну берүүнүн санариптик форматына шайкеш келет жана HD жогорку чечилиш форматында берүүлөр мүмкүндүгү менен ишке ашырылган.

   Андан тышкары, эски сцена жана стационардык креслолору бар көрүүчүлөр залы демонтаждалган, бул эскилиги жеткен абалы жана колдо бар инвентардын чоң-чоң формада болушунан улам жүргүзүлгөн.

   357 119сом суммасына 20м² аянты менен жаңы LED ы сатылып алынган жана орнотулган, ал телеберүүлөрдүн айрым түрлөрүн даярдоо учурунда декорациялоого карата кеткен каражаттарды олуттуу үнөмдөөгү мүмкүндүк берет.

2) <u>КТРКнын түштүк студиясы:</u> Ош шаарындагы студиянгы колдонууга киргизүү үчүн, имараттын жүк алып жүргөн конструкциясынын оңдоп-калыбына келтирүү иштери жүргүзүлүп, коммуникациялар киргизилген жана капиталдык жасалгалап чыгуу оңдоо иштери жасалган.

Студияда декорация, студиялык жарык берүү орнотулган жана техника ташылып келинген. Берүүлөрдө жана жаңылык блокторунда түз эфирге тике чыгуу мүмкүндүгү ишке ашырылган.

3) <u>Ала-Тоо студиясынын News Room:</u> «Ала-Тоо» корреспонденттеринин жаңылыктарды даярдоосунун жалпы залынын капиталдык реомнту жүргүзүлгөн. Имарат толук оңдолупр, жаңы кабиналар жана эмерек орнотулган, корреспонденттердин компьюьерлери жаңыларына алмаштырылып, жаңылыктарды даярдоону автоматташтыруунун жаңы кесиптик системасы ишке киргизүү үчүн даярдалган.

- **Маалыматтарды жогорку ылдамдыктары технологиялар аркылуу берүү:**

Отчеттук мезгил ичинде резервди камсыздоо үчүн КТРКнын жана РПО РМТРдин техникалык каражаттарынын ортосунда 4 ТБ, 3 РБ каналдарынын жана тышкы булактардын эфирдик сигналдарын берүү жана кабыл алуу үчүн абадагы булалуу-оптикалык байланыш сызыгынын 4,5 километри тартылган.

- **Аймактык корреспонденттик пункттар:**

Бардык аймактын корреспонденттик пункттарды жаңы санариптик монтаждоочу-репортердук жабдуулар менен толук техникалык камсыздоо (лентасыз өндүрүш). Донорлордун колдоосу алдында ишке ашырылган (DW немец толкуну, Интерньюс Нетуорк Кыргызстан жана КыргызстанСорос Фонду

Донорлордун колдоосу алдында (DW немец толкуну) бардык жети аймактык корреспонденттик пункттарды санариптик монтаждоочу-репортердук жабдуулар менен толук техникалык камсыздоо (лентасыз өндүрүш) жүргүзүлгөн.

Азыркы күндө аймактык корреспонденттер татаал алыскы шарттарда материалдарды ыкчам даярдоо үчүн жабдуунун толук комплектиси менен куралданышкан: бардык комплектилери бар санариптик видеокамералар, видео жана аудиомонтаждоо үчүн ноутбуктар жана санариптик диктофондор.

Корпорациянын студияларын жана аппараттыктарын модернизациялоо боюнча жүргүзүлгөн иштер КТРКнын төрт телеканалын (КТРК 1, Музыка, Баластан жана Маданият) эфирге даярдоо жана чыгуу үчүн толук кандуу студиялар менен бирдей камсыздайт.

## 3. ПРОГРАММАЛАР СЕТКАСЫ

### 3.1. ТЕМАЛАРДЫН ЖАНА ЖАНРЛАРДЫН АР ТҮРДҮҮЛҮГҮН КЕҢЕЙТҮҮ

2014-жылдагы Коомдук биринчи каналдын берүүлөр сеткасындагы өтө байкалаарлык окуялардын жана рейтингдүү телекөрсөтүү берүүлөрүнүн тизмеги:

- **Сочидеги XXII кышкы Олимпиада оюндарын алып көрсөтүү. 2014-ж. февраль - март айлары.** КТРК Кыргызстандын аймагында Олимпиада оюндарын көрсөтүүгө карата эксклюзивдүү лицензияны алган.
- **«Даңазалуу доор» түрк сериалынын 3-сезону.** Отчеттук жылда Коомдук биринчи каналдын эфиринде кыргыз тилине которулган, элдин сүймөнчүгүнө айланган «Даңазалуу доор» түрк сериалынын уландысын көрсөтүү башталды.
- Чолпон-Ата шаарында, Ысык-Көлдө өткөн «Бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары» эл аралык таймаштарын **уюштуруу жана алып көрсөтүү.** Сентябрь, 2014-жыл.
- **Инчхон шаарындагы Азия оюндарын алып көрсөтүү, Корея.** Сентябрь – Октябрь, 2014-жыл.
- **КТРКнын Ош шаарындагы түштүк студиясы менен күн сайын болуучу телемосту.** Ош шаарында студиянын 2014-жылдын август айында ачылышы менен, жаңылыктардын күн сайын берилүүчү блокторунда түштүк региондон жаңылыктарды жана окуяларды Ош шаарынан түз алып көрсөтүү жүргүзүлүүдө.

### 3.2. АУДИТОРИЯНЫ САПАТТУУ МААЛЫМАТ МЕНЕН КАМСЫЗДОО. КТРКНЫН РЕДАКЦИЯЛЫК САЯСАТЫНЫН ЧЕНЕМДЕРИН САКТОО БОЮНЧА ИШ-ЧАРАЛАР.

Сапаттуу маалымат жана берүүлөрдү сапаттуу даярдоо тике түрдө кызматкерлердин заманбап медиа уюмунун ишинин методдорунун көндүмдөрү жана билимдери менен байланышта. Санариптик жана маалыматтык технологиялар доорунда жаңы тенденцияларга көз салып туруу абдан маанилүү, бул корпорацинын кызматкерлеринин билимине дагы тийиштүү болот. Окутуу иш сапатын жогорулатуу маселелесиндеги маанилүү фактор, ага ылайык берилип жаткан маалыматтын дагы сапаты жогорулоого тийиш.

2014-жыл ичинде Корпорациянын кызматкерлери үчүн 33 окутуучу иш-чаралар жүргүзүлгөн, аларга **414** кызматкер катышкан. Мында окуу сааттарынын жалпы саны **812 саатты** түзгөн.

*№2 тиркемесинде Окутуу борбору аркылуу 2014-жылы өткөрүлгөн окуу иш-чараларынын толук тизмеги келтирилген.*

Окутуулар төмөнкүлөр үчүн жүргүзүлгөн:
- "Ала-Тоо" ДМПнын корреспонденттери жана операторлору
- ТБ жана радионун алып баруучулары
- сайттын кызматкерлери
- "Ала-Тоо" ДМПнын аймактык корреспонденттери
- радионун аймактык корреспонденттери
- КТРКнын финансылык-экономикалык башкармалыгынын кызматкерлери
- режиссерлор жана операторлор
- радио журналисттер

Негизинен иш-чаралар донорлордун – Кыргызстандагы Интерньюс Нетуорктун өкүлчүлүгү, “Сорос-Кыргызстан” фонду, ЮНЕСКОнун кластердик бюросу жана Академия Дойче Велле (DW) эсебинен жүргүзүлгөн. Тренингдердин айрым бөлүгү өз күчү менен өткөрүлгөн – бул "Ала-Тоо" программасынын алып баруучулары үчүн Кыргызстандын эл ратисти, КТРК БКнын мүчөсү ***Тамара Жаманбаеванын*** мастер-классы; ПТЭ боюнча, кадр

композициясы, командалык иш боюнча режиссерлор жана операторлор үчүн сабактар жана ***М. Мамбетакунов*** менен ***А. Алдашеванын*** мастер-класстары.

"Атайын репортажды өндүрүү" семинары КТРКнын (журналист-тренер ***Ч. Токонованын*** эмгек акысы жана катышуучулардын иш сапарына төлөөлөр) жана Интерньюстун (тартуу жана видеомонтаж боюнча тренер***Т. Турсуналиеваны*** берүү) биргелешкен күч-аракеттери менен өткөрүлгөн.

2014-жылдын жыйынтыктары боюнча бардык билим берүү иш-чараларын 4 багытка бөлүп карооого болот:

1. Чеберчилик (чыгармачыл потенциалын жогорулатуу)
2. Техникалык тренингдер
3. Жаңы медиа (мультимедиа)
4. Финансылар тармагындагы мыйзамдар

## 3.3. КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ ӨНДҮРҮҮЧҮЛӨР ТАРАБЫНАН ӨНДҮРҮЛГӨН, ӨНДҮРҮҮЧҮЛӨРДҮН ЖАНА КОМПАНИЯЛАРДЫН АТТАРЫН (АТАЛЫШТАРЫН) КОШО АЛГАНДА, КОРПОРАЦИЯ ТАРАБЫНАН АЛЫНЫП БЕРИЛГЕН ПРОГРАММАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ;

*Корпорация тарабынан көз карандысын өндүрүүчүлөрдүн өндүргөн, анын ичинде өндүрүүчүлөрдүн же компаниялардын атын (аталыштарын) кошо алганда, программаларынын тизмеси №3 тиркемесинде берилген*

## 4. КТРКНЫН ФИНАНСЫЛЫК-ЧАРБАЛЫК ИШМЕРДИГИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ 2014-ЖЫЛГА КАРАТА КИРЕШЕЛЕР ЖАНА ЧЫГАШАЛАР БОЮНЧА ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАРЫ МЕНЕН.

2014-жылда КТРКны каржылоо республикалык бюджеттен социалдык чөйрөнүн бюджеттик мекемеси катары Корпорациянын ишмердигине мамлекеттик колдоо көрсөтүү үчүн 399,6 млн.сом суммасында бюджеттик ассигнациялардын эсебинен жүргүзүлгөн.

2013-2014-жылдарга карата бюджет долбоорлорун иштеп чыгуу учурунда бюджеттердин долбоорлору корпорациянын керектөөлөрүнөн улам берилген. Ушул жылдар ичинде бекитилген бюджетти жогорулатуу боюнча туруктуу иштер жүргүзүлдү. Натыйжада 2013-жылы РПО РМТРдин алдындагы алып көрсөтүү кызматтары үчүн карызды жабууга акчалар бөлүштүрүлгөн. 2014-жылы биринчи жолу КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 13-октябрындагы №454-р тескемеси боюнча максаттуу каражаттар санариптик берүүлөргө өтүү үчүн жабдууларды сатып алууга 30,0 млн. сом өлчөмүндө бөлүнгөн (бул суралган суммасынын 8%дан азыраагын түзөт).

Кыргыз Республикасынын «Бюджет тууралуу» мыйзамына ылайык корпорацияны мамлекеттик бюджеттен каржылоо калкты телерадиоберүүнүн жана кино өндүрүүнүн продукциясы менен камсыздоо боюнча утурумдук чыгашаларга багытталган.

Мамлекет тарабынан финансылык каражаттар биринчи кезекте чыгашалардын төмөнкү беренелерин жабуу үчүн бөлүнөт:

- Алып көрсөтүү кызматтары
- Техникалык кызмат көрсөтүүлөр
- Чыгармачыл курамдын эмгек акысы
- Соцфондго которуулар
- Иш сапарынын чыгымдары
- КТФнын контентти сунуштоо боюнча кызматтары.

КТРКны мамлекеттик бюджеттен каржылоонун көлөмү отчеттук жылда, 2014-жылга карата бюджеттин долбооруна салынгандан 53% деңгээлинде жүргүзүлгөн. Мында белгилей кете турган нерсе, республикалы бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын негизги бөлүгү сигналды берүү кызматтары үчүг төлөнөт жана корпорациянын бюджетинин 44% түзөт. Инспектордук текшерүүлөрдү КР Мамлекеттик байланыш агенттинин өкүлдөрү жана РПО РМТРдин кызматкерлери менен бирге өткөрүү учурунда. Ошондой эле жыл ичинде рсепубликанын бүткүл аймагындагы орундар боюнча сапатсыз сигналды аныктоо боюнча иштер жүргүзүлгөн. Текшерүүлөрдүн жыйынтыктары боюнча жазапулдар жана техникалык токтоп калуулар боюнчаакы төлөөнүн баасы алынып ташталган, бул 9 225,4 миң сом суммасын түзгөн (Тогуз миллион эки жүз жыйырма беш миң төрт жүз сом). Бул сумманын үнөмдөлүшү аны пландан ашык эфир убактысына төлөө үчүн колдонууга шарт түзгөн.

*Республикалык бюджеттен алынган караштырылган суммалардын жана факт жүзүндөгү каражаттрдын салыштырмалуу таблицасы*

<table>
<tr><th rowspan="2"></th><th colspan="3">2014</th></tr>
<tr><th>Контролдук сандар</th><th>Билдирилген сандар</th><th>контролдук сандардын билдирилгендерге карата % катнашы</th></tr>
<tr><td>Бюджет, бардыгы</td><td>399 577,80</td><td>754 293,40</td><td rowspan="3">53,0</td></tr>
<tr><td>%дарда</td><td>100</td><td>100</td></tr>
<tr><td>анын ичинде:</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>Эмгек акысы</td><td>74 763,70</td><td>74 763,70</td><td>100</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| ошол эле %, | 18,7 | 9,9 | |
| СФга которуулар | 12 896,70 | 12 896,70 | 100 |
| ошол эле %, | 3,2 | 1,7 | |
| Кызматтык иш сапарлары | 2 500,00 | 2 500,00 | 100 |
| ошол эле %, | 0,6 | 0,3 | |
| Коммуналдык кызматтар | 276 689,10 | 389 283,90 | 71,08 |
| ошол эле %, | 69,2 | 51,6 | |
| Машиналар жана жабдуулар | 21051,1 | 254 732,70 | 8,3 |
| ошол эле %, | 5,3 | 33,8 | |
| Жана башка кызматтарды сатып алуу | 11 677,20 | 20 116,40 | 58,0 |
| ошол эле %, | 2,9 | 2,7 | |
| Капиталдык оңдоп-түздөө | | 13680,6 | 0,0 |
| ошол эле %, | | 1,8 | |

Жеткире каржыланбаган бөлүк корпорациянын бүткүл бюджетинен 32,5% өлчөмүндө алынган өздүк каражаттар менен жабылган, алар жарнамалык ишмердик жана кызматтарды көрсөтүүнүн эсебинен иштелип табылган. Бирок мындай алмаштыруу болгон учурда Корпорация санариптик берүүлөргү өтүүгө байланыштуу телерадиоберүүлөрдүн студияларын жана аппараттыктарын техникалык модернизациялоо боюнча иштердин графигин жылыштырууга аргасыз болот.

Ошентип корпорациянын бюджетинин киреше бөлүгү 2014-жыл үчүн 542,9 млн. сомду түзгөн, анын ичинде республикалык бюджет – 399,6 млн. сом, өздүк кирешелер 143,3 млн. сом, бул 2013-жылга салыштырмалуу 27,5 млн. сомго көп же кирешелерлин жогорулоосу 23,7%ды түзгөн. Андан тышкары эл аралык макулдашууга ылайык Эл аралык кызматташуунун Жапония агенттиги боюнча 10 976,5 миң сом суммасына (Он миллион тогуз жүз жетимиш алты миң беш жүз сом) запастык бөлүктөр жана материалдар түрүндөгү грант алынган.

*Төмөндө КТРКнын киреше беренелери боюнча өздүк кирешелери берилген:*

**2014-жыл** **миң сом**

| | |
|---|---|
| Жарнамалык- маалыматтык материалдар | 86 434 |
| Телеберүүлөр үчүн эфир убактысы | 34 351 |
| Радиоберүүлөр үчүн эфир убактысы | 14 291 |
| Жабдууларды жана имараттарды ижарага алуу | 2 869 |
| Жүгүртмө сабы | 1 642 |
| Арноо-концерти | 781 |
| Берүүлөр программалары | 366 |
| Жана башкалар | 2 608 |
| Бардыгы болуп, кирешелер | 143 342 |





**КТРКнын 2014-жыл үчүн – өздүк кирешелери, миң сом**

*Корпорациянын чыгашалуу бөлүгү төмөнкү көрсөткүчтөр менен берилген*

| **Чыгашалар беренелеринин аталыштары** | |
|---|---|
| Трансляция кызматтары | 174306,6 |
| Эмгек акы | 187307 |
| Социалдык фондго мүчөлүк акы | 30706,7 |
| Жана башка кызматтарды сатып алуу | 35405,4 |
| Жана башка салыктар | 3 929,80 |
| Запастарды сатып алуу | 24940,2 |
| Негизги каражаттарды сатып алуу | 45303,2 |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 15938 |
| НК амортизациясы | 24 498 |
| Кызматтык жол жүрүүлөр | 6300 |
| Ижара боюнча чыгашалар | 1138,6 |
| НКларды тейлөө жана оңдоп туруу | 3285,9 |
| Жана башка чыгашалар | 736,9 |
| *Жыйынтыгында* | 553 796,3 |
| Жыл башына карата акча каражаттары | 23 738,1 |
| Жыл аягына карата акча каражаттары | 12 924,7 |

*Ушул эле маалыматтар төмөнкү түрдө көрсөтмөлүү келтирилген*



*2014-жылдын жыйынтыктары боюнча төмөнкү консолидацяиланган финансылык көрсөткүчтөр түптөлгөн*

миң сом

| | **01.01.2014-жылга карата** | **31.12.2014-жылга карата** |
|---|---|---|
| АКТИВДЕР | | |
| *Узак мөөнөттү активдер* | | |
| Негизги каражаттар | 185 303,5 | 207 321,5 |
| Жана башка материалдык эмес активдер | 17 143,1 | 16 992,9 |
| **Жыйынтыгында узак мөөнөттүү активдер** | ***202 446,6*** | ***224 314,4*** |
| *кыска мөөнөттүү активдер* | | |
| Запастар | 11 539,1 | 10 915,2 |
| Сатып алуучулардын дебитордук карыздары | *15219,8* | *16 950,7* |
| Жана ашка дебитордук карыздар | 24219,0 | 40 042,4 |
| Жана башка финансылык активдер | 12,0 | 12 |
| Утурумдук салык милдеттенмелери | 6 312,3 | *970,8* |
| Жана башка активдер | 2 544,6 | 2 486,3 |
| Кассадагы жана банктагы акча каражаттары | 25 010,4 | 12 943,1 |
| **Жыйынтыгында кыска мөөнөттүү активдер** | ***84 857,2*** | ***84 320,5*** |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА АКТИВДЕР** | **287 303,8** | **308 634,9** |
| | | |
| КАПИТАЛ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР | | |
| *Капитал жана резервдер* | | |
| Уставдык капитал | 112 078,0 | 112 078,0 |
| Резервдер | | |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | 47 101,5 | 43 710,1 |
| **Жыйынтыгында капитал** | ***159 179,5*** | ***155 788,1*** |
| *Узак мөөнөттүү милдеттенмелер* | | |
| Кийинкиге калтырылган салык милдеттемелери | 5 245,8 | 8 295,5 |
| Жана башка милдеттенмелер | 35 038,9 | 40 085,0 |
| Активдердин таза баасы (бюджет) | *54 505,6* | *82 399,1* |
| **ЖЫйынтыгында узак мөөнөттүү милдеттенмелер** | ***94 790,3*** | ***130 779,6*** |
| *Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер* | | |
| Соода жана башка кредитордук карыздар | *17 877,6* | *8 529,7* |
| Жана башка финансылык милдеттенмелер | 245,0 | 495,8 |
| Утурумдук салыктык милдеттенмелер | 6308,2 | 4 568,3 |
| Жана башка милдеттенмелер | *8 903,2* | *8 473,2* |
| **Жыйынтыгында кыска мөөнөттүү милдетенмелер** | ***33 334,0*** | ***22 067,0*** |
| | 0,00 | |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА КАПИТАЛ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | **287 303,8** | **308 634,7** |

Отчеттук жылда Корпорациянын активдеринин баланстык наркы 11%га жогорулаган жана 308 634,9 миң сомду түзгөн. Материалдык эмес активдерге келечекте экономикалык пайда алып келүүгө жөндөмдүү объекттер киргизилет, алсак, узак мөөнөткө колдонуу үчүн багытталган объекттер. Материалдык эмес активдердин баасы 31.12.2014-ж. карата 16 992,9 миң сомду түзгөн.

Сатып алуучулардын дебитордук карызы отчеттук мезгил ичинде жогорулаган.

Банктагы эсептерде жана кассада 2014-жылдын акырына карата 12 943,1 миң сом аккумуляцияланган.

Кыска мөөнөттүү кредитордук карыз азайган жана 31.12.14-ж. карата 8529,7 миң сомду түзгөн. Кредитордук карыздын пайда болуу себептери – телевизиондук өндүрүштүн өзгөчөлүгүнө байоланышкан жүгүртүү каражаттарынын узак мөөнөткө каражаттарды салууну теле жана радиопрограммаларын түзүүнүн олуттууу мөөнөттөрүнөн улам жетишсиздиги болгон.

Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамына ылайык 01.01.2014-ж. тартып 31.12.2014-ж. чейинки мезгил ичинде КР КТРКнын максаттары үчүн товардык-материалдык баалуулуктарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга карата 3 тендер жарыяланган жана өткөрүлгөн. Тендердик сатып алуулардын пландаштырылган суммасы 43 235,7 миң сомду түзгөн. Факт жүзүндө 32 039,6 миң сом суммасына сатылып алынган. Тендердик документациялар Республикалык радиотелеборбордун сатып алуулар бөлүмү тарабынан иштелип чыккан, ал эми өтүп жаткан тендерлерге карата тендердик комиссияларды түзүү тууралуу буйруктар КР Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын Башкы директору тарабынан чыгарылып турган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 09.10.2014-жылдагы №593 токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын санариптик телералдиоберүүгө тез өтүү максаттарында КТРКга 30,0 млн. сом жабдууларды сатып алууга карата бөлүнгөн (Коомдук биринчи канал, Маданият, баластан социалдык пакеттеги үч каналы үчүн).

КТРК тарабынан аудио. Видео жабдууларды сатып алууша карата эки тендер жана түйүндүк байланыш кызматтарын сатып алууга карата бир тендер өткөрүлгөн.

Келишимдерге жылдын аягында кол коюлган. Азыркы күнгө карата 70% өлчөмүххндөгү жабдууларды ташып жеткирүү жүргүзүлүүдө; аларды жумуш орундарына орнотуу жана текшерип көрүү жасалууда.

Ошондой эле 01.01.2014-жылдан тартып 31.12.2014-жылга чейинки мезгилде РРТБ максаттары үчүн товардык-материалдык баалуулуктарды сатып алууга карата 8 тендер жарыяланган жана өткөрүлгөн. Тендердик сатып алуулардын пландаштырылып жаткан суммасы 43 235,7 миң сомду түзгөн. Факт жүзүндө 32 039,6 миң сом суммасына сатып алынган. Тендердик документация Республикалык радиотелеборбордук сатып алуулар бөлүмү тарабынан иштелип чыгарылган, ал эми өткөрүлүп жаткан тендерлер үчүн тендердик комиссияларды түзүү тууралуу буйруктар Республикалык радиотелеборбордун директору тарабынан чыгарылып турган.

*Структуралык түзүлүштөрдүн баланстары отчетко карата кошо тиркелип коюлган.*

# 5. КЕРЕКТӨӨЧҮЛӨРДҮН ДАТТАНУУЛАРЫ ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТТАР.

## 5.1. КТРКНЫН АУДИТОРИЯ МЕНЕН КАЙТАРЫМ БАЙЛАНЫШТЫ ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ИШ АЛЫП БАРУУСУНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

Корпорациянын - коомдук медиа уюму катары ишмердиги өз аудиториясы менен үзгүлтүксүз коммуникацияга негизделген, бирок аудитория менен кайтарым (интерактивдүү) коммуникациянын эң эле негизги чынжырлары болуп төмөнкүлөр саналат: коомдук кабылдама, редакциялык кеңешчи, коомчулук менен байланыш адистери, алардын фнукцияларына тике түрдө жарандардын кайрылуусу менен иш алып баруу, суроолор боюнча маалыматты берүү, ошондой эле берүүлөрдүн мониторинги кирет.

### Редакциялык кеңешчи

2014-жылдын январь-ноябрь айлары ичинде омбудсмен тарабынан көрүүчүлөрдүн жана угуучулардын даттануулары жана арыздары алынып жана каралып турган, алар үчүн чыгарылып жаткан продукциянын тактыгына, аныктыгына, акыйкаттыгына, берүүнүн жана мазмунунун баланстальшына тиешелүү жооптор даярдалган. Талаш, чыр-чатак кырдаалдар пайда болгон учурларда, Омбудсмен өзүнүн функционалдык милдеттеринен улам КТРКнын чыгармачыл кызматтарына жана журналисттерине сунуштарды, жаңылыктарды түзөтүү же түшүндүрмөлөө үчүн реакция ыкмаларын берип турган.

Омбудсмен ошондой эле КТРКнын кызматтарын колдонуучуларга ар түрдүү кеңеш берүүнүн түрлөрүн, ММК тууралуу мыйзамдар тармагындагы даражасын, алардын укуктарын жана жоопкерчиликтерин жогорулатуу үчүн; алардын укуктарын коргоосунда жана ММКнын кызыкчылыктарын лоббирлөөдө сунуштаган.

**Редакциялык кеңешчи 2014-жылдын январынан тартып 2014-жылдын ноябрына чейин иштеп турган мезгил ичинде төмөнкүлөр алынган:**

- телекөрүүчүлөрдөн жана радиоугуучулардан жазуу түрүндөгү даттануулары жана арыздары – 14 даана.
- телефон боюнча даттануулар жана арыздар – 114 даанадан жогору (респондеттер өлкөнүн бардык аймактарынан)
- социалдык түйүндөрдөн алынган даттануулар жана арыздар – 34 даанага жакын (популрдуу социалдык тйүүн – ФБду дайыма мониторингдөө жүргүзүлүп турат). Ред. Кеңешчинин ФБда өзүнүн аккаунту бар.

Ушул даттануулардын, арыздардын жана сунуштардын талдоого алынышынын негизинде КТРКнын менеджменти үчүн сунуштоолор иштелип чыгарылган.

### Коомчулук менен жолугушуулар:

2014-жылдын апрелинен тартып июлуна чейин Баткен, Жалал-АБад, Нарын областтарына 3 пресс-тур уюштурулган. Жолугушууларда ар бир региондон 150-200дөн жашоочулар катышышкан. КТРК тарабынан Байкоочу кеңештин мүчөлөрү, Редакциялык кеңешчи, Корпорациянын чыгармачыл жана техникалык кызматкерлери катышышкан.

2014-жылдын сентябрь айынан тартып декабрь айына чейинки мезгил ичинде Башкы директордун кабыл алуусунда **530 коомчулуктун** жана жарандык сектордун **өкүлдөрү** болгон, алар оозеки кайрылуу, даттануулары жана сунуштары менен келишкен.

### Коомдук кабылдама:

Отчеттук мезгил ичинде Коомдук кабылдамага (электрондук жокумент жүгүртүүнү киргизгенге чейин) бардыгы болуп **238 кайрылуу** келип түшкөн.

Алардын ичинен:

- 12 кайрылуу расмий, мамлекеттик структуралардан
- 56 кайрылуу жана сунуштар телекөрсөтүү боюнча
- 9 сунуш идеялар жана телепроекттер
- 18 кайрылуу берүүлөрдүн сапаты боюнча
- 4 кайрылуу берүүлөрдүн эл аралык стандарттарынын бузулушу тууралуу
- 5 даттануу Корпорациянын кызматкерлеринин үстүнөн
- 1 кайрылуу  келип түшүп жаткан коррепонденцияны иштеп чыгуунун бузулушу тууралуу
- 15 архивдик маалыматтарды алуу тууралуу
- 79 сунуштар «Ой-ордо», «Телекүзөт" жана башка программалардын тематикасы боюнча
- 4 кайрылуу сот системасынын жана жергиликтүү бийликтин ишмердигине ыраазы болбоо менен
- 8 КТРКнын жалпы эле ишмердигине наааразы болуу менен
- 17 кайрылуу акысыз негизде жарнаманы жайгаштыруу тууралуу.

**Корреспонденция**

Жалпы бөлүм (каттар бөлүмү, кабылдамалар) тарабынан төмөнкүлөр иштетилген:

- 2443 кириш каттар
- 936 Чыгыш каттар
- 362 Өкмөттүк каттар

**Социалдык түйүндөр**

- 2014-жылы КТРКда ишмердикти интернет платформаларды жылдыруу боюнча иштер башталган (колдо бар сайтты жана социалдык түйүндөрдөгү беттерди өркүндөтүү): бул программаларлы анонстоо, «Ала-Тоо» маалыматтык студиясынын жаңылыктарын жайгаштыруу, эфирден кийин долбоорлорду жайгаштыруу, Фейсбук, Одноклассники, Твиттер соц. түйүндөрүнө барактарга жөнөтүлүп жаткан каттарды Корпорациянын расмий сайтын колдоо бөлүмүнүн кызматкерлери тарабынан иштеп чыгаруу.

  - Азыркы күндө Фейсбук социалдык түйүнүнүн бетинде 6467 жазылуучу бар. 2014-жылы күн сайын көрсөткүчтөр боюнча (2014-жылдын август айы ) фейсбук бетинде 1-2 жарыялоо (жаңылыктык) болсо, азыркы күндө 30дан ашуун жарыялоолор бар, бул долбоорлор, берүүлөрдүн жазуулары, жыңылыктар, анонстор.
  - Твиттер аккаунтунда 3430 окурман, 18,7 миң жарыялоолор бар  («Ала-Тоо» маалыматтык кызматынын жаңылыктары)
  - Одноклассники соц.түйүнүндөгү аудитория  -  4 578 катышуучу.
- ОКСУС эксперттик тобу менен бирге 2015-жылга карата коммуникацуиялык стратегия иштелип чыгарылган.

## 6. СТРУКТУРАЛЫК ТҮЗҮЛҮШТӨР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ.

**КТРК Коомдун уставдык капиталынын 60% үлүшү менен уюштуруучу болуп саналган «Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы биргелешкен ишкана туурадуу маалымат.**

"Первый канал. Кыргызстан" ЖЧКсы – биргелешкен ишканасы, КТРК Коомдун уставдык капиталынын 60% үлүшү менен уюштуруучу болуп саналат.

Россиялык тараптын катышуу үлүшү, «Первый канал. Всемирная сеть» жабык акционердик коому түрүндө, Коомдук уставдык капиталынын 40% түзөт.

*Маалымкат: 1996-жылдын 28-мартында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосунда Кыргыз Республикасынын аймагында россиянын телерадиоберүү уюмдарынын программаларын таркатуу тартиби жана шарттары жөнүндө Макулдашууга кол коюлган.*

КР жана РФ Өкмөттөрүнүн ортосундагы 1996-жылдын 28-мартындагы Кыргыз Республикасынын аймагында россиянын телерадиоберүү уюмдарынын программаларын таркатуу тартиби жана шарттары жөнүндө Макулдашуунун 10-п. ылайык, ушул Макулдашуунун аракети Тараптардын бири тарабынан экинчи Тарапка анын аракетин токтотуу ниети тууралуу жазуу жүзүндөгү билдирмени алган күндөн тартып үч айдын аякташы боюнча токтотулат.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы Крнын аймагында «Первого канала. Всемирная сеть» каналынын программаларын алып көрсөтүүнү жүзөгө ашырат, ал бул максаттарда Президенттин 29.01.2007-ж. №14 Жарлыгына ылайык КР Мамлекеттик телерадиоберүү компаниясы жана «Первый канал. Всемирная сеть» ЖАКы тарабынан уюштурулган.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсынын негизги милдети болуп «Первый канал. Всемирная сеть» программаларын тартып көрсөтүү жана «Первый канал. Всемирная сеть» ЖАКынын автордук жана аралаш укуктарын Кыргыз Республикасынын аймагында коргоо болуп эсептелет.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы ошондой эле Биринчи канал жана Биринчи каналдын Санариптик телеүй-бүлөсүнүн коммерциялык телекөрсөтүү түйүндөрүндөгү Карусель, Дом Кино, Музыка Первого, Время: далекое и близкое, Телекафе сыяктуу программаларын таркатууга карата укуктарды берүү менен иш алып барат.

«Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы өз ишмердигин толук өзүн-өзү каржылоодо жүзөгө ашырат, КР мамлекеттик бюджетинен каражаттарды албайт.

РФ Биринчи каналынын программаларын КРда кайра алып көрсөтүү КР жана РФ Өкмөттөрүнүн ортосундагы, Москва ш. 1996-жылдын 28-мартында кол коюлган Кыргыз Республикасынын аймагында россиянын телерадиоберүү уюмдарынын программаларын таркатуу тартиби жана шарттары жөнүндө Макулдашууга, ошондой эле КР Президентинин 29.01.2007-ж. №14 «Россия Федерациясынын «Первый канал. Всемирная сеть» каналынын программаларын Кыргыз Республикасынын аймагында кайра алып көрсөтүү маселелери жөнүндө» Жарлыгына ылайык жүзөгө ашырылат.

КР Президентинин ушул Жарлыгына ылайык КР Экономика жана финансы министрлигине белгиленген тартипте КР бюджетинен 10304,4 миң сом акча каражаттарын, КР Мамлекеттик телерадиоберүү компаниянынын чыгашасына жыл сайын «Кыргызтелеком» ААКынын Телевидениенин жана радиоуктуруунун радиореле магистралдарынын рсепубликасын өндүрүштүк бирикмесине Россия Федерациясынын «Первый канал. Всемирная сеть» каналынын программаларын Кыргыз Республикасынын аймагында кайра алып көрсөтүүсү үчүн акы төлөө үчүн бөлүп берүүнү камсыз кылуу тапшырылган.

«Первый канал. Всемирная сеть» каналынын программаларын таркаткандыгы үчүн РПО РМТРдин кызматтарына акы төлөөнү КР КТРК КР КТРКнын жана РПО РМТРдин ортосундагы эки тараптуу келишимдин негизинде жүргүзөт. Төлөө үчүн каражаттар КР мамлекеттик бюджетинен бөлүнүп берилет. Баалар Мамлекеттик Байланыш Агенттиги тарабынан бекитилген жана КРнын АНТИМОНОПОЛИЯЛЫК саясат боюнча Мамлекеттик Агенттигинде тастыкталган «Кыргызтелеком» ААКынын РПО РМТРи тарабынан берилет.

РПО РМТРдин «Первый канал. Всемирная сеть» каналынын программаларын таркаткандыгы үчүн кызматарына акы төлөө суммасы КТРКнын бюджетинде Кыргыз Рсепубликасынын Финансы министрлиги тарабынан тастыкталат.

**Тиркемелер:**

1. КТРКнын 2013-2015-жылдарга каралган өнүгүү стратегиясы боюнча милдеттерди иш жүзүнө ашыруу планы.
2. 2014-жыл ичиндеги окутуу иш-чараларынын тизмеги
3. Көз карандысыз өндүрүүчүлөр тарабынан өндүрүлгөн программаларды Корпорация тарабынан алып көрсөтүүлөрдүн тизмеси
4. Структуралык түзүлүштөрдүн балансы жана 2014-жылга карата отчеттору